# ИСХАК РАЗЗАКОВДУ КЫЗМАТТАН КАНТИП АЛЫШКАН?



Мезгил өткөн сайын жарыгы Чолпон жылдыздай жанып, көзү өтсө да, өзү эли үчүн жасаган орошон эмгектери, акылман сөздөрү; таң каларлык эрдиктери жана жоруктары элдин оозунан түшпөй, тирүү кезинде легендага айланган тарыхый инсандар болот. Кыргыз элинин сыймыгы болгон, өткөн жылы бүткүл журтчулугубуз улуу-урмат сый менен туулган күнүнүн сексен беш жылдыгын белгиленген Искак Раззаков дал ошондой жаркын жүздүү, айкөл сапаты бар, досу эмес касын да жамандыкка кыйбаган, табийгаттан даанышман жаралган, татаал доордо иштеп, өзүнүн эли үчүн жанын аябай ак дили менен кызмат кылган, республикада жашаган элдердин достугун бекем чыңдаган атактуу мамлекеттик жана партиялык ишмер болгон. Исхак Раззаков өз мезгилинде республиканын биринчи жетекчиси болуп, эл башкарып, атак-даңкы дүңгүрөп турганда, мен аны менен тааныша да, сүйлөшө да албадым...Өкүнүчтүү нерсе, мен аны менен ал ак боз атынын адилетсиздик менен кулап, бийликтен ажырап, тагдырынын эң кейиштүү мезгилинде, май айынын орто ченинде Союздук борборубуздун «Москва» мейманканасында жолукканмын...

Исхак Раззаковду Кыргызстан компартиясынын борбордук комитетинин биринчи катчылыгынан 1961-жылдын май айынын сегизинде, башка кызматка өткөнүнө байланыштуу деген формулировка менен пленумда бошотушкан. Бул кабар 11-майда «Правда» газетасынын экинчи бетинде жарык көргөн. Мен ал кезде атым чыгып, Кыргызстан жазуучулар союзунун «Ала-Тоо» журналынын бөлүм башчысы, жазуучулар союзунун партиялык уюмунун сектеранынын орун басары болуп иштеп, анча-мынча саясий ишке аралашып калганмын. Чынын айтыш керек, кечээ Исхак Раззаковго жүгүнүп, сыйынып жүргөн айрым жазуучулар бул кабарды ушунчалык кубаныч миенен кабыл алышып, жадырап-жайнап жүрүштү...Ошол эле жазуучулар он сегиз жыл өткөндөн кийин, ал көз жумганда: «Кайран киши кор болуп өттү» деп «боорлору» ачып жүрүштү. Адамдын жүзү каралыгына чек болбойт экен! Жазуучулар союзунун борбордук комитеттин пленумуна арналган чогулушунда айрым жазуучулар Раззаковду улутчул деп саясий айып койгонго чейин барышты.

Исхак Раззаковду кызматынан алууга Москвадан КПСС БКнын республикалар боюнча партиялык органдар бөлүмүнүн башчысы Титов В.Н. баш болгон партиялык группа келген. Исхак Раззаковдун тагдыры алдын ала Кремлде чечилип калган.

1965-жылы Исхак Раззаков кызматынан түшкөндө ошол кезде борбордук комитеттин идеология боюнча катчысы болуп иштеген кыргыз элинин белгилүү уулу Абдыкайыр Казакбаев Титов Раззаковду кантип кызматынан бошоткону жөнүндө мага төмөнкүчө аңгеме куруп берди. Мен ал кезде «Правда» газетасынын Кыргызстандагы кабарчысы элем.

- Бешинчи май күнү эле. Түштөн кийин опера жана балет театрында «Правда» газетасынын күнүнө арналган чогулушту журналисттер менен өткөрүп жатканбыз. Президиумда Раззаков, Кулатов, мен ж.б. отурганбыз. Титов баш болгон КПСС БКнын жооптуу кызматкерлери Кыргызстанга бир сааттан кийин учуп келери жөнүндө Кремлден телефон чалыптыр. Раззаковдун алардын келиши жөнүндө такыр кабары жок экен. Мен дагы эч нерсе уккан эмесмин. Адатта мындай өтө жооптуу, чоң деңгээлдеги кызматкерлер эмес, КПСС борбордук комитеттин инструктору келе турган болсо, алдын ала кабар келип, аны тосуу жана жайгаштыруу маселеси чечилет. КПССтын өтө чоң жооптуу кызматкерлеринин келе жатканын биринчи секретарга кабар бербегендиги өтө опурталдуу иш. Менин баамымда Раззаков Титов өтө олуттуу миссия менен учуп келе жатканын ошол замат түшүндү, бирок бизге сыр алдырган жок. Чогулушту улантa бериңиз деп мага тапшырды да, өзү, Кулатов, Степкин ж.б. болушуп аэропортко жөнөп кетишти.

Чогулушту шашылышы бүтүрүп, борбордук комитетке барсам, Титовдор келип, бюро өткөрүүгө камынып жатышыптыр. Келгендердин, өзгөчө Титовдун түрү жаман. Ал сурданып, колунун учун гана берет. Исхак Раззакович каш кабагын өзгөртпөй, бүгүн эртең аны чоң сыноо күтүп турганын билдирбей, сыр алдырбай, өзүнүн таамай, курч сөздөрүн айтып, бизге кайрат бергендей кебетеси бар. Мен ошондо биздин башыбызда кандай эр жүрөк, акылман жетекчи болгонун көрүп, ага ыраазы болдум.

Ошол түнү жер-жерлерге эртең пленум болот, тез жетип келгиле деген кабар телефон аркылуу берилди. Эртеси бюро болуп, Титов Раззаковду бошотуу жөнүндөгү маселени азыр чечебиз, ар бириңер өз пикирлериңирди айткыла деп баарыбызга кайрылды. Ырасын айтыш керек, бир дагы бюро мүчөсү, ал турмак өзү биринчи секретарь болорун билген Усубалиев да Титовду тике колдогон жок.

Пленум сегизинчи майда башталып, эмне үчүндүр борбордук комитеттин катчыларынын бири эмес, Фрунзе шаардык партиялык комитеттинин биринчи секретары Т.Усубалиев доклад жасап, Исхак Раззаковду катуу сынга алды. Залда отургандар докладды колдобой жатканы ачык байкалып турду. Жарыш сөз башталып, сөзгө биринчи болуп партиянын Нарын областтык комитетинин экинчи секретары Александр Федерович Усянов, андан кийин Кемин райкомунун биринчи секретары Үсөнкул Жумабаев трибунага чыгышып, Раззаковдун республиканын жетекчиси катары ишмерлигин макташып, Титовдун каарына калышты. Ал партиялык этиканы бузуп, отурган комунисттерди сыйлабай, биз Раззаковду кызматтан алган отурсак, силер эмне үчүн аны колдойсуңар деп коркутуп-үркүтүп кирди. Көрсө, эки-үч күндүн ичинде Зайчиков менен Барпы Рыспаев пленумда сүйлөй турган ораторлордун көпчүлүгүнө Титовдун буйругу боюнча шпаргалка даярдап коюптур, сценарий түзүлүптүр. Угушума караганда, Усянов, Жумабаев алардын даярдаган текстерин албай коюшуптур. Титов ачууланып, чыр-чатакты салганда, Исхак Раззакович туруп, пленумга катышып отурган коммунисттерди оор абалга калтыргысы келбей, мен бул кызматтан өз ыктыярым менен кетем деп арыз жазып берейин деп сунуш киргизсе, Титов андан бетер жинденип: - Сени биз өз ыктыярың менен кетирбейбиз, сага пленумда саясий баа берип кетиребиз, жасаган иштериң үчүн жооп бересиң, - деп чамынды.

Мурдатан даярдалган ораторлор биринин артынан бири чыгышып, Раззаковду катуу сындаша башташты. Адамдардын шартка күнкарамадай өзгөрүп кетерин пленумда байкадым. Мурда Раззаковко ушунчалык жалынып жүргөн адамдар ага эпсиз доомattарды коюшту.

Пленумдун аягында Раззаков кыска сөз сүйлөп, Кыргызстанда беш жыл Өкмөт башчысы, он бир жыл партиянын биринчи жетекчиси болгондугун, айрым кемчиликтер кетиргендигин айтып, бүткүл акыл-эсин, күч-кубатын республиканын кызыкчылыгына арнагандыгын, кыргыз элине, эмгекчилерине өзүнүн ыраазычылыгын билдиргенде, залда дүркүрөгөн, көпкө созулган кол чабуулар уланганда, каны качып сурданып отурган Титов ордунан тура калып дагы кыйкырды: - КПСС БК Раззаковду кызматынан бошотуп жатса, силер дүркүрөтүп, тартип бузуп кол чабасыңар, - деп ачууланды. Раззаков чычалабай, отурган коммунисттердин анын эмгегин жогору баалап, чын жүрөктөн кол чаап жатканына өзүнчө сыймыктанып, Президиумга отурбай, башын бийик көтөрүп, кайкалап басып, биринчи катарга барып отурду. Бул жорук Исхак Раззаковичтин ар-намыстуулугу жана эрдиги, - деп Абдыкайыр Казакбаев сөзүн бүтүрдү.

***Камбаралы БОБУЛОВ***